# Аллахка ант берип айтамын, Аллах сенин себебиң менен бир адам туура жолго салса, бул сага кызыл төөлөргө ээ болгонуңдан да жакшы" - деди

Сахл бин Саъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Хайбар күнү минтип айткан: "Бул тууну эртең Аллахтын каалоосу менен жеңишке жете турган адамдын колуна карматам. Ал Аллахты жана Анын элчисин жакшы көргөн адам. Аллах жана Анын элчиси да аны жакшы көрөт". Бул түнү адамдардын баары тууну кимисине берер экен деп ойлонуп чыгышты. Эртеси таңда баары мага берип калар бекен деген үмүт менен Аллахтын элчисинин жанына чогулушту. Ал: "Али бин Абуталиб кайда жүрөт?" - деп сурады. Анын көзү ооруп калыптыр - деди бирөөлөр. "Аны чакырып келгенге бирөөнү жөнөткүлө" - деди. Алини чакырып келишти эле, пайгамбарыбыз куттуу шилекейин анын көзүнө сүртүп, дуба кылды. Көзү такыр оорубагандай болуп, дароо айыгып калды. Анан анын колуна тууну карматты. Али: О, Аллахтын элчиси, алар биз сыяктуу мусулман болгонго чейин согуша берейинби? - деп сурады. "Алардын чептерине жеткениңден кийин аларга Исламга кирүүсүн сунуш кыл. Эгер кабыл кылышса, аларга тиешелүү Аллахтын акыларын айтып түшүндүр. Аллахка ант берип айтамын, Аллах сенин себебиң менен бир адам туура жолго салса, бул сага кызыл төөлөргө ээ болгонуңдан да жакшы" - деди.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эртең Хайбардагы жөөттөр жеңилерин кабарлап, бул жеңиш ал берген тууну кармаган адамдын кол алдында болорун айтат. Туу - бул, жоокерлер согушта өз эн белгилери катары көтөрүп жүргөн желек. Тууну бере турган кишинин сыпаты мындай: ал Аллахты жана анын элчисин жакшы көрөт. Аллах менен Анын элчиси да аны жакшы көрөт. Мындай улук сый-урматка жетүүгө кызыккан сахабалардын баары түнү менен ал ким болор экен деп сүйлөшүп, самап чыгышат. Эртеси бул улук сыйды үмүт кылып баары Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанына келишти. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Али бин Абуталиб кайда экенин сурады. Анын көзү ооруп жатканын айтышты. Аны чакарып келгенге бирөөнү жиберип, ал Алини чакырып келди. Анан шилекейин Алинин көзүнө сүртүп, ага шыпаа тилеп дуба кылды. Анын көзү эзели оорубагандай болуп айыгып калды. Анан ага тууну карматып, душмандын чеп, сепилдерине жеткенге чейин эч кимге зыян тийгизбей барып, аларга жеткенден кийин исламга кирүүнү сунуш кылууну, эгер сунушту кабыл кылышса, алардын моюнуна кандай парздар милдет болорун эскертүү

керектигин айтат. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Алиге Аллахтын динине чакыруунун артыкчылыгын эскертип, эгер адам бирөөнүн динге кирүүсүнө себепкер болуп калса, арабтар үчүн эң баалуу болгон кызгылт төөгө ээ болуудан да же ошондой төөнү садага кылгандан да артык сооптуу иш экенин айтат.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3409